**Жогорку Кеңеште «Доорду өзгөрткөн аял лидерлиги»**
**аттуу иш чаранын алкагында**
**" Чек ара аймактарынын аялдары" тобунун кайрылуусу**
**01 март 2024 ж.**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин**
**Төрагасы**
**Шакиев Нурланбек Тургунбековичке**

**Урматтуу Нурланбек Тургунбекович,**

Биз, Баткен, Лейлек райондорунун активист аймдары тобунун өкүлдөрүнүн атынан өтүп жаткан диалогду уюштургандыгыңыздар үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине ыраазычылык билдиребиз!

Диалогтун жыйынтыгына таянып жана аны жыл сайын, ал эми кызматташуубуз туруктуу болуусун сунуштайбыз.

Диалогдун жыйынтыгы боюнча тиешелүү комитеттерге биздин төмөнкү сунуштарыбызды карап чыгууга тапшырма берүүнү суранабыз:

1) Баткен жана Лейлек райондорунун чек-ара айылдарында жашаган аялдарды эң койгойлүү маселеси бул коопсуздук. Мисалы, Лейлек р-нун Максат айылындагы чыр-чатакта жабыркаган уйлор толук калыбина келтирилди, бирок жашоочулардын арасында кооптонуу бар болгондуктан кээ-бир үй-бүлөлөр өз үйлөрүнө дагы эле кайтып келе элек, айылда толук-кандуу жашоо баштала элек. Эгерде бул маселелер тез арада чечилбесе, бул аймактар бошоп, чек-арада чеп болуп турган элдин башка жактарга миграциясы кучойт жана бул жалпы Кыргызстандын бутундугуно терс таасирин тийгизет. Ушул боюнча б**издин сунуштар:**

- чек-аранын тактоо жумуштары аяктагандан кийин, Максат айылына окшогон кооптуу абалдагы бардык **чек-ара айылдарында чек-араны тосуу иш-чараларын тездетүү**.
- Чек-араны коргоо кучторуно контрактык негизде тартылган **жергиликтүү тургундардын санын көбөйтүү**.

- чек-ара аймактарында мектептерде Армияга чейинки даярдоо (АЧД) сабактарын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн материалдык-техникалык базасын чыңдоо, атайын озгочо кырдаалдарга даярдык боюнча **машыктырууларды байма-бай өткөрүү.**

2) Баткен областында ооруканаларда койкалар, жайлар жетишпейт, дарылануууга муктаж адамдар айлап кезекте турушат. Айрыкча Раззаков шаарындагы союз мезгилинде курулган, терапия жана неврология бөлүмдөрү **жаңы имаратка муктаж.**

3) Лейлек р-нун Кулунду АО караштуу Интернационал айылындагы оорукананын имараты чек-арага ото жакын жерде жайгашкан. Учурда жергиликтуу тургундар ал жерден кооптонуп дарылануууга бара албай жатышат. Мед кызматкерлер дагы ошол себептен ал жерде жетишсиз. **Сунуш**: Азыркы учурда ушул оорукананы **коопсуз жайга жылдыруу зарыл**, себеби бул оорукана 4 АО (Кен-Талаа, Бешкент, Кулунду, ЖЖ АА) калкын тейлейт.

4) Озгочо чыр-чатактардан кийин жашоочулардын арасында онкологиялык, диабет, анемия, жогорку кан басым оорулары кескин турдо көбөйуүдө. Шарттардын жоктугунан, ооруканалардын алыстыгынан, жашоочулар оз убагында диагностикадан өтө албай бул оорулар өрчүп кетүүдө. **Сунуш:** Баткен областынын чек-ара айылдарынын калкы учун **мобилдик диагностикалык кызмат** уюштуруу.

5) Чек-ара аймактарындагы майыптыгы бар балдар жана чон адамдар үчүн дагы сапаттуу реабилитациялык кызматтарды алуу кыйынчылык жаратууда, себеби ошондой кызмат корсоткон медициналык борборлор Баткенден алыс аймактарда жайгашкан ( мисалы балдардын реабилитациялык борборлору Бишкек шаарында жана Ыссык Көл областынын Аксуу районунда жайгашкан), жол чыгымдарды көп талап кылынат ( ата-энелердин айтымында 50 минден – 100 минге чейин акча сарпталат, созсуз түрдө самолет м-н баруу зарыл, кеминде 2 адамга 23 мин сом жакын акча талап кылынат). Статистикалык маалыматтарга ылайык облус боюнча 3000 ашуун майыптыгы бар жаш балдар расмий каттодон өткөн (2281 кыздар, 767 балдар), ал эми чондордун арасында 20 минден ашуун (10733 -аялдар, 10075- эркек) майыптыгы бар жарандар катталган.

**Сунуш: областка кеминде бир заманбап, бардык шарттары бар майыптыгы бар жарандар үчүн реалибитациялык борбор ачуу.**

6) Уй-булөөлук зордук- зомбулуктун денгээли акыркы жылдары тилекке каршы Баткен областында жогору болууда. Бир эле мисал, былтыркы жылы Лейлек р-на караштуу Сумбула АА 8 айдын ичинде кыз-келиндердин арасында **11 суицидке** аракет кылуу катталган, анын ичинен **бешөө** өз омуру менен кош айтышты. Чек-арадагы чыр-чатактар уй-булолук зордук-зомбулуктун кобойушун шарттады. Ушундай кейиштүү абалга карабастан Баткен областында бир дагы Кризистик борбор жок. **Сунуш: Баткен областынын ар бир районунда бирден мамлекеттик же муниципалдык Кризистик борбор ачуу боюнча** Министрлер Кабинетине тиешелуу тапшырма беруу**.**

7) Баткен областында турак жай курууга жер алуу учун жергиликтуу жаштар 10 жылдап кезекте турушат, бир кожолукта 4-5 уй-було жашоого мажбур жана бул уй-булолук зордук-зомбулук, миграциянын осушуно туртку болуп жатат. Бир эле мисал: Лейлек р-нун Лейлек АА 8500 калк бар, 1100 адам турак жай салуу учун жер алууга кезекте турат жана бул жерде Сары-Дош массивин трансформациялоо маселеси 10 жылдан бери чечилбей турат. **Сунуш:** жерлердин трансформациялоо иштерин тездетуу жана жаны конуштардын инфраструктурасын жакшыртуу боюнча (айрыкча чек-арага жакын аймактарда) Министрлер Кабинетине тиешелуу тапшырма беруу.

8) Баткен жана Раззаков шаарларына **авиакаттамдарды санын кобойтуп, билет баасын томондотууну сунуштайбыз.** Анткени, азыркы билет баасын жергиликтуу калк үчүн ото кымбат (5800-6400 сомго чейин), жолдун алыстыгынан негизинен авикаттамдар менен майыптыгы барлар, карыялар жана жаш балалуулар жүрүшөт.**Сунуш:** Министрлер Кабинетине тиешелуу тапшырма беруу.

9) Баткен облусунда типтуу бала бакчалар жетишсиз, көпчүлүк бала бакчалар эскирген, ынгайлашкан имараттарда жайгашкан. Балдарды эрте онуктуруу жана аялдардын мумкунчулукторун кенейтуу учун Баткен областында типтуу бала бакчаларды куруу зарыл, ошондой эле мамлекет менен

өнөктөштүктө жеке бала бакчаларды көбөйтүү (кызматчылардын айлык акысы, эл. энергия мамлекет тарабынан төлөнсө). **Сунуш:** Министрлер Кабинетине тапшырма беруу: келерки республикалык бюджетти пландаштырган учурда тиешелуу каражаттарды кошуусу зарыл.

Биз жогоруда көтөргөн койгойлорду чечүү боюнча тиешелүү мыйзамдарга жана башка нормативдик-укуктук актыларга керек болгон түзөтүүлөрдү иштеп чыгуу боюнча жумушчу топко кирип ишине активдуу катышууга даярбыз.

**Камалова Райхан, Лейлек районунун Тогуз-Булак АА жергиликтүү кеңешинин депутаты**

**Орозкулова Данагул, Лейлек районунун Лейлек АА жергиликтүү кеңешинин депутаты**

**Сатыева Гулсана, "Активист" КБсинин координатору**

**Алдашева Назгул, "Баарлашуу, ишеним, укук" КБсинин директору.**

**1 март, 2024 жыл.**